УДК 347.471
DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-353-361

**КАСАБОЛОТОВ Ж.А.**
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
**КАСАБОЛОТОВ Ж.А.**
Национальная академия наук Кыргызской Республики
**KASABOLOTOV ZH.A.**
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

# КЫРГЫЗСТАНДА ЖАРАНДЫК КООМУНУН ФОРМАСЫ МЕНЕН МАЗМУНУН ДАЛ КЕЛТИРУҮНҮН КӨЙГӨЙ ТАЛААСЫ

## ПРОБЛЕМНОЕ ПОЛЕ ОБЕСПЕЧЕНИЯ СООТВЕТСТВИЯ ФОРМЫ И СОДЕРЖАНИЯ ГРАЖДАНСКОГО ОБЩЕСТВА В КЫРГЫЗСТАНЕ

## PROBLEM AREA OF ENSURING COMPLIANCE OF THE FORM AND CONTENT OF CIVIL SOCIETY IN KYRGYZSTAN

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада жарандык коом тууралуу батыштагы жана кыргыз элинин тарыхый тажрыйбасындагы түшүнүктөрүнүн ортосундагы айрымачылыктар чечмеленет. Өлкөдөгү жарандык коомдун формасы менен мазмунунун ортосундагы айырмачылыктар көрсөтүлөт. Кыргыз Республикасында өкмөттүк эмес уюмдардын ишин каржылоонун учурдагы модели сүрөттөлүп, анын улуттук кызыкчылыктар менен карама-каршы келген жагдайлары аныкталат. Өлкөдө өкмөттүк эмес уюмдарды каржылоонун улуттук кызыкчылыктарга ылайык келген модели сунушталат жана жарандык коомдун куралы катары курултай институтунун актуалдуу милдеттери каралат.

**Аннотация:** В статье даются разъяснения по поводу различий понимания гражданского общества в западных странах и в рамках исторического опыта кыргызского народа. Указываются различия между формой и содержанием гражданского общества в стране. Описывается современная модель финансирования неправительственных организаций в Кыргызской Республике и выявляются ее аспекты, противоречащие национальным интересам. Предлагается адекватная для национальных интересов модель финансирования неправительственных организаций и рассматриваются актуальные задачи института курултая как инструмента гражданского общества.

**Abstract:** The article provides explanations regarding the differences in the understanding of civil society in Western countries and within the framework of the historical experience of the Kyrgyz people. The differences between the form and content of civil society in the country are indicated. The modern model of financing non-governmental organizations in the Kyrgyz Republic is described and its aspects that are contrary to national interests are identified. An adequate model for financing non-governmental organizations is proposed for national interests and the current tasks of the institution of kurultai as an instrument of civil society are considered.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан; жарандык коом; жаран; укук; милдет; мамлекет; өкмөттүк эмес уюмдар; улуттук кызыкчылыктар; курултай.

**Ключевые слова:** Кыргызстан; гражданское общество; гражданин; право; обязанность; государство; неправительственные организации; национальные интересы; курултай.

**Keywords:** Kyrgyzstan; civil society; citizen; right; duty; state; non-governmental organizations; national interests; kurultai.

Кыргызстан эгемендик алгандан бери анын коомдук-саясий турмушуна терең кирген «жарандык коом» түшүнүгү өлкө ичиндеги илимий чөйрөдө эле эмес, башка мамлекеттерде да теориялык жактан так чечмелене элек. Орусиянын «Жогорку экономикалык мектеп» улуттук изилдөө университетинин Жарандык коомду жана коммерциялык эмес секторду изилдөө борборунун директору, социология илимдеринин кандидаты Ирина Мерсиянова жарандык коомго

так аныктама берүүнүн кыйынчылыгын жалпы эле «коом» түшүнүгүнө аныктама берүүнүн татаалдыгы менен байланыштырат [1; 2].

Азыркы изилдөөчүлөрдүн көбү жарандык коом түшүнүгүн антика доорунда башталган Европадагы процесстер менен байланыштуу карашат. Бирок жалпыга белгилүү болгондой, Кыргызстандын негизин түзгөн кыргыз эли көптөгөн кылымдар бою көчмөн турмушта жашаган. Тиешелүү түрдө көчмөн коомдо классикалык формадагы жеке менчик, жерге байланган отурук жашоо, демек жерге байланган мамлекет да болбойт. Бирок ушундан улам көчмөн коом мамлекет түзө албайт деген жыйынтык да таптакыр туура эмес, анткени жок эле дегенде Кыргыз Каганаты, Түрк Каганаты, Уйгур Каганаты, байыркы гунндардын мамлекеттери жана башка түзүмдөр тарыхта кеңири белгилүү. Көчмөн цивилизациянын өзгөчөлүктөрүн көп жылдан бери изилдеп келаткан Чоюн Өмүралиевдин тыянагына ылайык, «...батышта мамлекет уруучул коом кыйрап кеткен жерден башталса, бизде коом кийинки тарыхый өнүгүүнүн бүт тепкичтерин ырааттуу, эволюциялуу басып отуруп, өзүнүн мамлекеттүүлүгүнө келген, б.а. бир нече уруу биригип, бир канатты түзгөн, андан кийин ал канаттар да бири-бирине биригип, Оң Канат, Сол Канат жана Ичкилик болуп ирилешкен. Андан кийин бул үчөө да биригип бир Элге айланышкан. «Эл» деген бир эле учурда «Мамлекетти» билдирген». Анын пикиринде, **жаран үчүн мамлекет – анын абстрактташкан, руханий тең жарымы** [2]. Демек, анын мамлекетке карата болгон мамилеси – тек гана укук-милдет алакасы эмес, андан алда канча терең, баалуулук категориясындагы мамиле.

Мындай модел Батыштагыдай коомдук келишим концепциясына эмес, табигый байланыштарга таянат жана тиешелүү түрдө Эл менен Мамлекетти институционалдык атаандаш эмес, мазмун жана форма түрүндө көрөт. Демек жарандык коомдун Кыргызстанга ылайыктуу формуласын издөө аракеттери кыргыз элинин тарыхый тажрыйбасындагы ушул жана башка фундаменталдуу өзгөчөлүктөрдү сөзсүз эске алууга тийиш.

Мындан тышкары, «жаран» деген түшүнүктүн ар кайсы доорлордогу аныктамасын чечмелей кетүү да бул маселенин башын ачып алууга жардам берет. «Манас» эпосунун курама варианты «...жарымы жалган, жарымы чын, **жарандардын** көөнү үчүн, жабыратып айтабыз, жолборс Манас жөнү үчүн» деп башталат [3]. Бул жерде «жарандар» деген сөз ошол айтыла турган баянды угуп, кабыл алууга жарамдуу кишилер, андагы чогулган көпчүлүктүн бир бөлүгү деген маанини билдирет. **«Дос-жаран»** сөз айкашы биринчи иретте теңата, ошол эле учурда кыйышпас мамилени туюндурат. «Жаран» сөзү аң-сезимдүү индивидге карата гана айтылат, анткени анын уңгусу «жара» этишине такалат. Бул кайсы бир аракеттерге **жарамдуулукту** билдирет. Ал эми заманбап юридикалык мааниде жаран – конкреттүү мамлекет менен жок эле дегенде **укук, милдет жана жоопкерчилик** мамилеси түзүлгөн адам. 2021-жылдын 5-майындагы мыйзам менен кабыл алынган КР Конституциясынын 1-беренесинин 5-пунктына ылайык, жаран - жалпы Кыргызстандын элин түзүүчү бирдик [4].

Демек, бүгүнкү күндө жарандык коом деген түшүнүк биринчи иретте өзү жашаган мамлекеттин эгемендигинин ээси жана бийликтин бирден-бир булагы болгон жалпылыктын алкагында каралууга тийиш. Тиешелүү түрдө биринчи иретте өз элинин, өз мамлекетинин кызыкчылыктарын, жалпылап айтканда улуттук кызыкчылыктарды көздөгөн коом ушундай аталышы зарыл.

Антсе да иш жүзүндө «жарандык коом уюмдары» деген термин Кыргызстанда негизинен өкмөттүк эмес уюмдарды (ӨЭУ) түшүндүрүп калган. Бул уюмдар өздөрүн да ушундай аташат, ЖМК жана башка коомдук институттар да ушул аталышты ылайык көрүшөт. Ырас, батыш окумуштууларынын өзү деле бул аныктаманы дайыма колдой беришпейт жана анын өтө эле шарттуу экенин моюнга алгандар кездешет. Атап айтканда, америкалык окумуштуу Томас Каротерс жарандык коом деп өкмөттүк эмес уюмдарды түшүнүү туура болбой тургандыгын айтканы бар. Анткени, анын пикиринде, ӨЭУлар өз миссиясына жана планына ылайык гана иш жүргүзгөндүктөн, алардын ишмердиги жалпы коомдун маселелерине тиешеси болушу күмөн [5, 2-3].

Бирок Кыргызстандын шартында өкмөттүк эмес уюмдарды жарандык коом уюмдары деп атоого жол бербей турган андан да маанилүү, чындап келсе эң негизги себеп – алардын эң жигердүүлөрүнүн ишмердиги системалуу түрдө <u>сырттан программаланып, сырттан каржыланышы.</u>

***Сырттан каржыланган уюмдар***

Өздөрүн «жарандык коом уюмдары» деп атаган өкмөттүк эмес уюмдардын бир топтору чет өлкөлүк грант берүүчү фонддор (мисалы Сорос, Евразия, АКШнын Улуттук демократиялык

институту ж. б.) койгон милдеттерди аткаруу боюнча долбоорлордун конкурстарына катышат. Бул конкурстарда коюлган милдеттер Кыргызстанда демократиянын өнүгүшүнө, адам укуктарынын корголушуна, ачыктыктын камсыз болушуна, гендердик теңчиликке, улуттук азчылыктардын укуктарын коргоого ж. б. багытталат. Ал багыттарга жетүүнүн ыкмаларынын арасында улуттук менталитетке түздөн-түз кайчы келген, коомчулукта улуттук баалуулукка каршы көрүнүш катары бааланган ыкмалар да бар. Атап айтканда, 2019-жылы 27-ноябрда Бишкекте өткөн «Феминнале» аттуу иш-чара ушундай реакция жараткан [6].

Ошол эле учурда грант берүүчү чет элдик уюмдардын күн тартибине улуттук кызыкчылыктар боюнча маселелерге басым жасалбайт, эреже катары андай терминологиянын өзү да колдонулбайт. Атап айтканда, ал конкурстарда өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн камсыз кылуу, мамлекеттик тилдин өнүгүшү жана жайылышы, ата мекендик өндүрүүчүнү колдоо сыяктуу максаттар коюлбайт. Анткени (1) грант берүүчү фонддор өздөрү эл аралык жана өкмөттүк эмес статуста болгондуктан, ал эми (2) улуттук кызыкчылык мамлекеттик кызыкчылык менен тыгыз байланышкандыктан өздөрү иштешкен кайсы бир өлкөгө жан тартуу алардын миссиясына да, баалуулуктарына да кирбейт.

Сырттан каржыланган өкмөттүк эмес уюмдардын жүргүзгөн ишинин күн тартибин жергиликтүү актуалдуу маселелердин контекстинен, кыргыз элинин негизги бөлүгүнөн алыстатып турган дагы бир маанилүү жагдай бар. Ал – бул уюмдардын демөөрчү тараптар менен коммуникация түзгөн негизги тили. Эреже катары, чет элдик демөөрчү уюмдарга долбоорлор орус тилинде жиберилет, анткени аларды талдаган жана тандаган адистер да орус тилдүү. Ал эми Кыргызстанда улуттук кызыкчылыкка тиешелүү маселелерди көтөргөн жарандар менен бирикмелердин көбү кыргыз тилдүү.

Антсе да сырткы демөөрчүлөрдүн кыргыз аудиториясына жакындашуу аракетинен кабар берген аракеттер да кездешет. Атап айтканда, «Интерньюс» эл аралык уюму Кыргыз улуттук «Манас» театры жана Музыка ишмерлер уюму менен бирдикте Бишкекте 2023-жылы 5-ноябрда өткөн «Билим айтыш» долбоорунун демилгечилеринин бири болгон [7].

***Улуттук кызыкчылыктарга кирген конкреттүү максаттарды көздөгөн, ички демөөрчүлөрдү тапкан уюмдар***

Кыргызстандагы өкмөттүк эмес жана коммерциялык эмес уюмдардын булардан айырмалуу башка бир, алда канча чакан бөлүгү – кыргыз элинин маданий жана руханий мурасын сактоого аракет кылган уюмдар. Алардын арасынан модел катары көзгө көбүрөөк урунган «Айтыш» коомдук фондунун иш өзгөчөлүгү көңүл буруuга арзыйт. Айтыш – кыргыз жана казак элдеринде байыртан сөз эркиндигинин улуттук формасы. Кыргызстан эгемендик алган алгачкы жылдары бул өнөрдү өнө боюнда сактап жүргөн төрт гана төкмө – Ашыраалы Айталиев, Тууганбай Абдиев, Эстебес Турсуналиев жана Замирбек Үсөнбаев гана калган. Ошол эле жылдары Казакстанда бул өнөрдүн өнүгүшү мамлекеттин колдоосу менен алда канча алдыга кеткен. «Айтыш» коомдук фонду ушул кенемтени толтуруп, өлкөнүн ичинен такай демөөрчүлөрдү да, төкмөлүккө кызыккан жаштарды да таап, дээрлик жок болуп бараткан өнөрдү кайра жаратууга жетишти [8]. Бул мисал туура уюштуруу жана каржылоо формасы табылса, өлкөнүн ички күн тартибинде актуалдуу болгон маселелерди чечиш үчүн өкмөттүк эмес уюмдардын уюштуруу формасы ийгиликтүү колдонулушу мүмкүн экенин көрсөтүп турат.

***Утурумдук түзүлгөн, демөөрчүсү жок уюмдар***

Мындан тышкары, өлкөдө жарандардын улуттук кызыкчылыкка тиешелүү тигил же бул маселеге карата позициясын туюндурган, бирок эч кандай туруктуу финансылык демөөрчүлөрү жок, иш убактысы ар кандай мөөнөткө созулган түрдүү бирикмелер, уюмдар, кыймылдар да пайда болуп, миссиясы аткарылып бүткөн соң же мааниси кеткенден кийин жоюлуп турат. Алардын уюштуруу формасын жана таасирин төмөнкү үч мисал аркылуу көрсөк болот.

1. «Проблемалуу чек араларды коргоо комитети»

2001-жылы Кыргызстандын Кытай менен чек арасын тактоодо Үзөңгү-Кууш жайлоосу Кытай Эл Республикасына өтүп жатканына байланыштуу саясий чөйрөдө каршылык кыймылы башталган. Аталган комитеттин түзүүчүлөрүнүн катарында укук коргоочу Турсунбек Акун, Жогорку Кеңештин депутаты Бегиш Аматов болуп, ага укук коргоочу Азиза Абдирасулова, кийин экономист Шералы Назаркулов кошулган. Бийликтин чечимине нааразылык иретинде башкалар менен бирге ачкачылык кармап жатып Шералы Назаркулов 2002-жылы 7-февралда көз жумган [9].

Бул комитеттин аракеттери саясий жактан ийгиликке жеткен эмес, бирок кийин Аскар Акаевдин бийликтен кетишине салым кошкон жагдайлардын бири болгон. Жалпысынан

Кыргызстанда чек араны тактоого байланыштуу түзүлгөн жарандык бирикмелердин эч кайсынысы өзү койгон маселе боюнча ийгиликке жеткен эмес, башкача айтканда бул боюнча кабыл алынган чечимдердин өзгөрүшүн камсыз кыла алган эмес.

2. «Манас Эл» кыймылы

2009-жылы «Манас» эпосу дүйнөлүк адамзаттын оозеки жана руханий баалуулугу катары ЮНЕСКОнун тизмесине Кытай Эл Республикасынын атынан катталган [10]. Мындай чечим бир катар кыргыз интеллигенция өкүлдөрүн наараазы кылып, буга жооп иретинде «Манас Эл» кыймылы түзүлгөн. Ал жүргүзгөн иштердин алкагында өкмөт, президент, парламент үчүн сунуштар иштелип чыгып, анын аркасы менен кийин мамлекеттик маалымат каражаттарында, билим берүү мекемелеринде «Манас» таануу боюнча сабактар, иш-чаралар киргизилгени белгилүү. «Манас» үчилтигин ЮНЕСКОдо Кыргызстандын атынан каттатуу маселеси ошол учурда көтөрүлгөн [11]. Кыймылдын иштеринин таасири астында 2013-жылы 4-декабрда «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтиги ЮНЕСКОнун тизмесине Кыргызстандын атынан катталган [12].

3. «Улутуңду унутпа!» кыймылы

2017-жылы Мамлекеттик каттоо кыймылы Кыргызстандын жарандарынын ички ID картасынын 1-майдан тартып бериле турган жаңы үлгүлөрүндө «улут» графасы ачык жазылбай, жарандын каалоосу боюнча чиптин ичине гана жазыла турганын жарыялаган [13]. Бул эрежеге каршы түзүлгөн «Улутуңду унутпа!» кыймылы 2017-жылы 3-июлда өкмөттүн №197 токтомуна каршы Жогорку соттун Конституциялык палатасына арыз берип, 2020-жылы палата «Улутуңду унутпа!» кыймылынын пайдасына бүтүм чыгарган. Конституциялык палатанын бүтүмүндө «этностук таандыктыгы тууралуу маалымат ачык текст түрүндө көрсөтүлбөй, электрондук чипте камтылышы Конституциянын 38-беренесине карама-каршы келет» деп табылган [14].

Таблица 1. Жарандардын бирикмелерин салыштырма талдоо


| | **Четтен грант алган өкмөттүк эмес уюмдар** | **Улуттук кызыкчылыктагы күн тартибин көздөгөн өкмөттүк эмес уюмдар** | **Улуттук кызыкчылыкка тиешелүү маселелерди түздөн-түз көтөргөн жарандык бирикмелер (кыймылдар, комитеттер ж.б.)** |
|---|---|---|---|
| Негизги иш багыты | Адам укуктары, гендердик теңчилик, сөз эркиндиги, азчылыктардын укуктары (аз улуттар жана ЛГБТ коомчулугу) | Улуттук маданият, ата мекендик өндүрүштү коргоо | Аймактык бүтүндүк, чек ара коопсуздугу, мамлекеттик тил, мамлекеттик коопсуздук, улуттук баалуулуктар |
| Каражат булагы | Сырткы демөөрчүлөр | Ички демөөрчүлөр | Жок |
| Каржыланыш деңгээли | Эң мыкты | Орто | Жок |
| Саны | Көп | Аз | Кырдаалга жараша |
| Улуттук кызыкчылыкка жакындыгы | Эң алыс | Жакын | Эң жакын |
| Институтташуусу | Эң бекем | Орто | Жокко эсе |
| Долбоорлор менен иштөө тажрыйбасы | Эң мыкты | Орто | Жок |

Сунушталган таблица улуттук кызыкчылыктарга карата жарандык бирикмелердин мүмкүнчүлүктөрү менен алардын жүргүзгөн ишинин актуалдуулугунун ортосунда канчалык терең дисбаланс орногонун көрсөтүп турат. Тажрыйба көрсөткөндөй, Кыргызстанда улуттук

кызыкчылыктарга максаттуу түрдө басым жасаган уюмдардын туруктуу жана институтташкан каражат булактары жок, демек долбоор түрүндө иш жүргүзүү жагынан тажрыйба күткөнгө да мүмкүнчүлүгү чектелүү. Чек араны коргоо боюнча комитеттер, мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча ыктыярчы уюмдар, ата мекендик өндүрүштү колдоо боюнча бирикмелер ж. б. негизинен өз каражатына аракет кылышат.

Моделдештирүү аркылуу салыштырма талдоо сырттан программаланган жана каржыланган иштерге каражат алда канча көп жумшалып, ал эми улуттук кызыкчылыктарды көздөгөн жарандардын ишмердиги каражат жагынан да, долбоорлоштуруу жагынан да көңүл сыртында калып жатканын көрсөтөт (1-сүрөт).

1-сүрөт. КРда өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердигин сырттан каржылоонун жана программалоонун модели



<u>Түшүндүрмө:</u>

*Сары түстөгү эллипстер – чет өлкөлүк грант берүүчү уюмдар.*

*Көк тик бурчтук – мамлекет.*

*Жашыл эллипс – КРда өздөрүн «жарандык коом уюмдары» категориясына киргизген, чет өлкөлүк булактардан каржыланган уюмдар.*

*Кызыл үч бурчтук – улуттук кызыкчылыктарга түздөн-түз байланыштуу маселелерди көтөргөн, каржы булагы жок уюмдар жана утурумдук бирикмелер.*

*Көк үч бурчтук – улуттук кызыкчылыктарга түздөн-түз байланыштуу маселелерди көтөргөн, каржы булактарын өлкөнүн ичинен тапкан уюмдар.*

*Жебелер – каржылоо жана программалоо багыты.*


Мындай модел Кыргызстанда жарандык коом түшүнүгүнүн мазмуну формасына негизинен дал келбей жатканын билдирет. Анткени жарандык коом өзүнүн чыныгы табиятынан улам биринчи иретте улуттук кызыкчылыктардын негизинде биригиши зарыл, ал эми улуттук кызыкчылыктарды туюндурууда мамлекетке түрткү берүүчү негизги тарап болууга тийиш. Антпесе ал өзүнүн түпкү мазмунуна жооп бербей калат. Демек, <u>сырттан каржыланган жана программаланган бирикмелер «жарандык коом уюмдары» деп аталышы логикалык жактан туура эмес</u>. Ал эми улуттук кызыкчылыктарга түздөн-түз тиешелүү маселелерди көтөрүп жаткан уюмдар же бирикмелер экинчи же үчүнчү планда калып жатканы Кыргызстанда чыныгы жарандык коом негизги субъектилердин катарына кирбей турганын далилдейт.

Бул дисбалансты жөнгө салыш үчүн, жарандык коомдун формасы мазмунуна дал келиши үчүн коомдук уюмдар өлкөнүн ичиндеги субъектилерден (1 – өкмөттүк түзүмдөрдөн, 2 – ички демөөрчүлөрдөн) каржыланып, биринчи иретте улуттук кызыкчылыктарды көздөгөн маселелерди чечүү менен алектениши максатка ылайык (2-сүрөт).

Оптималдуу моделде КРнын ичинде жүргүзүлүп жаткан иштерди сырттан эч кайсы субъект каржылабайт, демек таасир этпейт. Өкмөттүк эмес уюмдар жана коомдук бирикмелер улуттук кызыкчылыктар үчүн актуалдуу маселелерди өздөрү аныктап, алардын чечилишине түздөн-түз көмөк көрсөтөт. Бул ишмердүүлүк долбоорлого негизделип, ал долбоорлорду ишке ашырууга өкмөттүк түзүмдөр да (мамлекеттик буюртма аркылуу), өлкө ичиндеги демөөрчүлөр да

(долбоор үчүн грант бөлүү аркылуу) каржылык колдоо көрсөтөт. Мындай моделдин алкагында өкмөттүк эмес уюмдар улуттук кызыкчылыктарга байланышкан маселелердин чечилишине өздөрү да катышып, ага тиешелүү бийликтин чечимдерине да түздөн-түз таасир этүүгө мүмкүнчүлүк алат.

2-сүрөт. КРда өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердигин каржылоонун жана программалоонун жарандык коомдун мазмунуна ылайык (оптималдуу) модели



Түшүндүрмө:

*Көк түстөгү эллипс – КРдагы өкмөттүк эмес уюмдар, көк жебелер – алардын таасири.*

*Сары түстөгү тик бурчтук – өкмөттүк түзүмдөр, сары жебелер – анын таасири (мамлекеттик буюртмалар жана каржылоо)*

*Жашыл түстөгү тик бурчтуктар – КРдагы ички демөөрчүлөр, жашыл жебелер – алардын каржылоосу.*

*Кызыл түстөгү тик бурчтук – улуттук кызыкчылыктар үчүн актуалдуу маселелер, кызыл түстөгү жебелер – алардын туюндурулушу.*

*Жалпы көгүш фон – Кыргыз Республикасы.*

***Оптималдуу моделдин жүзөгө ашырылышы үчүн мүмкүнчүлүктөр жана тоскоолдуктар***

Кыргызстанда өкмөттүк эмес уюмдар өлкө ичинен демөөрчү тапкан учурлар да, өкмөттүк түзүмдөр менен иштешкен учурлар да бар.

Жогоруда өлкө ичинен демөөрчүлөрдү таап улуттук маданияттын бүтүндөй бир багытын жок болуп бараткан жеринен кайра жандандырган «Айтыш» коомдук фондунун ишмердиги мисалга тартылды. Башка уюмдардын ушундай эле багыттагы ишмердиги боюнча кеңири изилдөөлөр жок.

Ал эми өкмөттүк эмес уюмдар өкмөттүк уюмдар менен ар кандай форматта кызматташкан учурлар жетиштүү. Мындай кызматташтык маселелерди аныктоо, аларды чечиш үчүн каражат булактарын табуу, маалымат алмашуу форматында болушу мүмкүн. Негизинен мындай уюмдар социалдык багыттагы иштер менен көп алектенишет. Борбор Азиядагы Америка Университетинин Социалдык изилдөөлөр борборунун изилдөө программаларынын координатору Александр Пугачевдун маалыматына караганда, саламаттык сактоо тармагында Саламаттык сактоо

министрлигинин өзүнөн тышкары 200дөй ӨЭУ иштейт. Алардын көбү жону жука бүлөлөр, үй-жайы жоктор, аялдар, балдар, майыптар сыяктуу калктын аз корголгон катмарларына саламаттык сактоо тармагында базалык колдоо көрсөтүүгө жигердүү катышат [15].

2004-жылы 25-мартта өкмөттүн токтомуна ылайык «Коомдук бирикмелер, коомдук фонддор (өкмөттүк эмес уюмдар) менен мамлекеттик бийлик органдарынын ортосундагы кызматташтыктын концепциясы» кабыл алынган. Анда бул багыттагы кызматташтыктын актуалдуулугу негизделип, коомдук уюмдардын ишмердигиндеги негизги маселелер талданып, социалдык буюртма (заказ) маселеси коюлган менен, көбүнчө социалдык багытка басым жасалган. Бул документте улуттук кызыкчылык тууралуу маселе коюлбайт [16].

2022-жылы Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлиги менен мамлекеттик буюртмаларды аткаруу системасына коммерциялык эмес уюмдарды кошуу жөнүндө демилге көтөргөн. Бирок анда саналып өткөн багыттар да негизинен социалдык же маданий тармактарга тиешелүү, ал эми улуттук кызыкчылыктарды коргоо максатына басым жасалган эмес [17].

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, өкмөттүк эмес уюмдардын потенциалын бийлик органдары менен кызматташтыкка тартуу аракеттери бар жана ал бирин-экин окуя эмес, чакан да болсо кадыресе тенденция. Бирок андай аракеттерге тоскоол боло турган биринчи объективдүү жагдай – мамлекет өзү андай кызматташтыктын негизги багыты катары улуттук кызыкчылыктарга басым жасабаганы. Мамлекет улуттук кызыкчылыктарга тиешелүү маселелерди коомчулук менен кошо терең талдап, жоопкерчилигин бөлүштүрүп кошо чечүүнү, анын бир формасы катары бул багытта коомдук уюмдар менен натыйжалуу иштешүүнү институт катары үйрөнө элек. Улуттук кызыкчылыктардын аныктамалары Улуттук коопсуздуктун концепциясы, Жогорку Кеңештин регламенти, айрым өнүттөрү Тышкы саясат концепциясы сыяктуу документтерде гана ар кандай формулировкада берилгени болбосо, кеңири коомдук талкууга чыгарылып, унификацияланган эмес.

Бул бири-бири менен тыгыз байланышкан, бирок улуттук кызыкчылыктарга каршы натыйжага алып келет. Бир жагынан улуттук кызыкчылыкты көздөгөн бирикмелер утурумдук мүнөздө болуп, тигил же бул маселеге карата гана түзүлөт. Андай бирикмелер долбоордук негизде иш жүргүзгөнгө өздөрү да үйрөнүп жетишпейт, узакка созулган иш жүргүзүү максатын да коюшпайт, каттоодон өтүп, долбоор жазышпайт. Экинчи жагынан андай бирикмелерге акчалай жардам бере турган тараптардын ишеними да жогору болбойт.

Экинчи олуттуу тоскоолдук – мамлекеттин карамагында бул багытка жумшала турган каражаттардын жетишсиздиги. Мындай шартта өкмөттүк эмес уюмдар чет элдик грант берүүчүлөрдүн финансылык жардамынан ыктыярдуу баш тартышы мүмкүн эмес. Алар улуттук кызыкчылыкка байланыштуу идеялары жана сунуштары болсо да, аларды ишке ашырыш үчүн мамлекеттин финансылык мүмкүнчүлүгү чектелүү болуп турганда чет элдик грант берүүчүлөр жарыялаган конкурстарга катышууну уланта беришет.

Үчүнчү тоскоолдук - улуттук кызыкчылыктардагы маселелерди козгоого же чечүүгө байланыштуу иштерди каржылоого даяр жеке адамдардын же юридикалык тараптардын моралдык аброю. Улуттук баалуулуктарды коргоо боюнча иштерди мыйзам алдында таза эмес кишилердин каржылашынын эки коркунучу бар. Биринчиден, андай адамдардын жардамы жалпы эле ушул багыттагы ишмердүүлүктүн кадырына көлөкө түшүрүшү мүмкүн. Мисалы, коррупцияга байланыштуу резонанстуу иштерде аты чыккан, бирок колунда бар адамдын бул багыттагы актуалдуу маселелерди чечүүгө арналган демөөрчүлүгү деле анын атын чыгарып, социалдык базасын кеңейтип же аброюн актоо аракетине түрткү болушу ыктымал. Экинчиден, демөөрчүлүктүн мындай түрү ансыз деле арам акчаны адалдоого андан бетер өбөлгө түзбөйт деген кепилдик да жок. Бул айрыкча мамлекеттик кызматта жүргөн адамдардын каражатына тиешелүү. Анткени, Британиянын Эл аралык мамилелер боюнча королдук институтунун эксперти Жон Лафтын пикиринде, «арам акчанын» үч категориясынын экөө мамлекеттик аткаминерлерге тигил же бул даражада тиешеси бар [18]. Бул Кыргызстанда азырынча коомчулук тарабынан социалдык платформаларда акыркы жылдары кызуу талкууланып жаткан, бирок бир өңчөй чечиле элек моралдык-этикалык да, коомдук-саясий да маселе.

***Бийликтин чечимдери жана актуалдуу альтернатива***

2023-жылы Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында «Чет элдик өкүл жөнүндө» мыйзамдын долбоору каралып, биринчи окуудан өттү. Ага ылайык, чет өлкөдөн каржыланган жана Кыргызстанда саясий ишмердик менен алектенген жергиликтүү бейөкмөт уюмдар «чет элдик өкүлдүн ишин аткаруучу» деп таанылат жана тиешелүү реестрге катталат. «Чет элдик өкүл»

катары каттоодон өтпөгөн уюмдардын ишмердиги алты айга чейин токтотулат. «Мамлекеттик органдардын чечимине таасир этүүнү», ал органдар жүргүзгөн «мамлекеттик саясатты өзгөртүүнү» жана бул багытта «коомдук пикирди түзүүнү» көздөгөн саясий акцияларды уюштурган жана аларды каржылаган уюмдар саясий ишмердикке катышкан болуп таанылат. Атуулдарды «жарандык милдеттерин аткаруудан баш тартууга жана башка укукка каршы келген аракеттерге» үгүттөгөн уюмдарды түзгөндөр жана жетектегендер же айып пулга жыгылат, же беш жылга чейин эркинен ажыратылат. Мындай уюмдардын ишине жигердүү катышкандар же алардын ишин пропаганда кылгандар 10 жылга чейин эркинен ажыратылышы ыктымал [19].

Улуттук кызыкчылыктардын позициясынан алганда, бул мыйзам долбоору жогоруда сөз болуп жаткан маселени чечпейт. Анткени биринчиден, аталган мыйзам долбоору Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдардын четтен каржыланышына түздөн-түз тыюу салбайт. Мындай шартта реалдуу финансылык кызыкчылык «чет элдик өкүл» статусунун жагымсыз жактарынан алда канча күчтүүлүк кылат, демек ал четтен каржыланган жана программаланган ишмердүүлүктү токтотпойт. Экинчиден, бул өкмөттүк эмес уюмдардын ишине баа берүүдө мамлекеттик органдардын өзүм билемдигине жол ачат. Үчүнчүдөн жана эң негизгиси – бул мыйзам долбоору азыркы түзүлүп калган моделге карата улуттук кызыкчылыктарды коргоо боюнча эч кандай альтернатива сунуш кылган жок.

Ошондуктан эгерде өкмөт саясий ишмердүүлүк менен алектенген өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердигинин ички саясий кырдаалга тийгизген таасирин чындап эле жок кылгысы келсе, адегенде андай сырттан каржылоонун бардык түрлөрүнө таптакыр жана биротоло тыюу салуу зарыл. Бул тыюуну бузган уюмдар юридикалык тарап катары Юстиция министрлигинде каттоосу өчүрүлүп, өздөрү жабылышын камсыз кылган ченемдик-укуктук актылар кабыл алынышы керек. Ошондо өлкө сыртынан грант алган жана албаган уюмдарды талдап, алгандарын «чет элдик өкүл» деп классификация кылып отуруунун зарылчылыгы өзүнөн өзү жок калат. Бул процесс аягына чыккандан кийин саясий ишмердүүлүк үчүн чет өлкөлүк субъектилерден акчалай каражат алган жеке адамдардын ишмердигин мамлекеттик чыккынчылыкка теңеген норма иштеп чыгып, ишке киргизсе болот.

Бул үчүн адегенде мамлекет өзү улуттук кызыкчылыктар чөйрөсүнө тиешелүү маселелердин тизмесин түзүп, коомчулук менен талкуулап жана бекитип алууга тийиш. Андай тизме эки форматта, башкача айтканда: а) мамлекет менен өкмөттүк эмес уюмдардын кызматташтыгынын, жана; б) өкмөттүк эмес уюмдар менен өлкө ичиндеги колунда бар демөөрчүлөрдүн кызматташтыгынын максаттарын жана милдеттерин аныктап алыш үчүн зарыл. Бул тизмени иштеп чыгуунун жана легитимдештирүүнүн эки жолу бар - бири ачык, бири жабык. Жабык формада тиешелүү илим адамдары, эксперттер, бул темага кызыккан коомдук ишмерлер иштеп, ачык айтыла турган тиешелүү тезистерди элге сунуш кылып, ачык айтылбай тургандарын жашыруун сыр катары калтырса болот. Ал эми аны ачык түрдө талкуулоонун улутка ылайыктуу жолу – элдик курултай.

***Курултай улуттук кызыкчылыктарды талкуулоонун табигый платформасы катары***

Курултай механизмин Кыргызстан эгемендик алгандан бери бийлик да, оппозиция да өз пайдасына колдонууга аракет кылып келатканы, бул анын эл арасындагы кадыр-баркына ар кандай, негизинен тескери таасир этkени белгилүү. Бирок биринчиден тарыхый тажрыйбасын эске алган күндө деле, курултайдын негизги, балким бирден-бир иш милдети – биринчи иретте улуттук кызыкчылыктын эң маанилүү стратегиялык маселелерин талкуулоо болушу керек. Экинчиден курултай азыркы Башмыйзамдын 7-беренесине коомдук өкүлчүлүктүү жыйын катары расмий түрдө кирген [20].

Андыктан жарандык коом менен мамлекеттин биримдигин камсыз кылуунун механизми катары курултай аркылуу төмөнкү маселелерди чечсе болот:

а) улуттук кызыкчылыктарга тиешелүү маселелердин тизмесин аныктоо. Бул ушундай категориядагы маселелерди ага тиешеси жок маселелерден (социалдык жардам, адам укуктары, кайрымдуулук ж. б.) бөлүп карай турган критерийлерди иштеп чыгууга жардам берет;

б) улуттук кызыкчылыктарга тиешелүү маселелер боюнча мамлекет менен өкмөттүк эмес уюмдардын кызматташтыгынын форматын жана процедурасын, бул багыттагы мамлекеттик буюртманын приоритеттерин аныктоо. Бул өкмөт менен коомдук уюмдардын улуттук кызыкчылыктарды коргоо жаатындагы кызматташтыгы үчүн негизги багыттарды аныктоого, аларды ишке ашыруунун ылайыктуу формаларын иштеп чыгууга өбөлгө түзөт;

в) улуттук кызыкчылыктарга тиешелүү маселелер боюнча ички демөөрчүлөр менен өкмөттүк эмес уюмдардын кызматташтыгынын негизги багыттарын аныктоо. Анын ичинде өлкөдөгү ички демөөрчүлөрдүн оң же терс аброюна, алар жумшап жаткан каражаттын келип чыккан булагына байланыштуу алардын гранттык жардамына карата оптималдуу мамиленин моделин иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Башкача айтканда, туура максатка жумшала турган акча туура эмес ишмердиктин натыйжасы болсо эмне кылыш керек деген маселени чечет;

д) өлкөдөгү өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердигин сырткы программалардан ички күн тартибине өткөрүүнүн коомдук легитимизациясы.

Бул маселе курултайда стратегиялык деңгээлде чечилген соң эки багытта: а) улуттук кызыкчылыктарды көздөгөн ишмердүүлүктү жүргүзүүдө өкмөттүк эмес уюмдар менен бийлик түзүмдөрүнүн ортосундагы кызматташтык боюнча жана; б) улуттук кызыкчылыктарды көздөгөн ишмердүүлүктү жүргүзүүдө өкмөттүк эмес уюмдар менен өлкө ичиндеги жеке демөөрчүлөрдүн ортосунда коммуникация түзүү боюнча иш-чаралардын комплексин жүзөгө ашыруу максатка ылайык.

## Колдонулган адабияттар


1. Мерсиянова И.В. Определение понятия «гражданское общество»: опыт систематизации // «Гражданское общество в России и за рубежом», 2011, №4.
2. Өмүралиев Ч. Тирешкен эл менен бийлик же 20 жылдан берки мээкаңгыт идеология // «Көк Асаба» гезити, 04.03.2013. – Сайт: https://kok-asaba.journalist.kg/2013/04/03/tireshken-el-menen-biylik-zhe-20-zhyildan-berki-meeka-gyit-ideologiya/#more-215
3. «Манас». Биринчи бөлүк. I китеп. Кыскартылып бириктирилген вариант. –Сайт: https://eposmanas.ru/manas_kg/-439/
4. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Сайт: О Конституции Кыргызской Республики: Закон КР от 5 мая 2021 года № 59. – Режим доступа: minjust.gov.kg
5. Пугачев А. Сотрудничество между государством и НПО, осуществляющими свою деятельность в сфере здравоохранения, в Кыргызской Республике. – Режим доступа: https://www.files.ethz.ch/isn/46158/Pugachev_rus.pdf
6. Бишкекте улуттук баалуулуктарды коргоого үндөгөн акция өттү. 9-декабрь, 2019. – Режим доступа: https://www.azattyk.org/a/30315178.html
7. Майра Керим кызынын элесине арналган айтышта баш байгени Мамбеттокто Мамбеторозо уулу жеңип алды. T-Media, 06. 11. 2023.
8. Шер-Нияз С. Төрт сап ыр «Айтыш» коомдук фондунун түзүлүшүнө түрткү болгон // «Эркин-Тоо», 08.06.2021.
9. Кыргызстандын тарыхындагы алгачкы масштабдуу ачкачылык жарыялоо кандай болгон? // «Марал» радиосу, 12-декабрь, 2021. – Режим доступа: https://maralfm.kg/archives/547059
10. Бакчиев Т. «Манастын» мекени – Кыргызстан! – Режим доступа: https://kyrgyzcore-kyr.blogspot.com/2011/12/blog-post_327.html
11. Ажыматов З. «Манас» күнү, маданий мурас маселеси // «Азаттык» радиосу, 2018, 4-декабрь.
12. Киргизский эпос «Манас» включен в список ЮНЕСКО. Исполнительный комитет Содружества Независимых Государств. 5 декабря 2013 года. – Режим доступа: https://cis.minsk.by/news/2432/kirgizskij-epos-manas-vklucen-v-spisok-unesko
13. Жаңы паспортто «улут» графасы чиптин ичине жазылат // «Азаттык» радиосу, 28-апрель, 2017.
14. Улут графасын паспорттон алып таштаган өкмөттүн чечими Конституцияга каршы деп табылды // «Азаттык» радиосу, 2020,16-октябрь,.
15. Пугачев А. Сотрудничество между государством и НПО, осуществляющими свою деятельность в сфере здравоохранения, в Кыргызской Республике. – Режим доступа: https://www.files.ethz.ch/isn/46158/Pugachev_rus.pdf
16. Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/55210
17. Госзаказ для НПО. Как переключить внимание активистов с политики на социалку. – Режим доступа: 24.kg, 5-апрель, 2022-жыл.
18. Смотряев М. Что такое «грязные деньги» и как с ними бороться в Британии. Русская служба Би-Би-Си, 22 мая 2018.

19. Бийбосунов А. «Чет элдик өкүл» мыйзамы биринчи окуудан талкуусуз өттү // «Азаттык» радиосу, 2023, 25-октябрь.
20. Кыргыз Республикасынын Конститациясы. – Режим доступа: https://www.gov.kg/ky/p/constitution